# Карагат жана кызылгат



Автор: Талгат Деркембаев

Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай

# Карагат жана кызылгат

Автор: Талгат Деркембаев
Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Карагат жана кызылгат» (кыргыз тилинде), автор Талгат  Деркембаев, сүрөтчү Таттыбүбү Ырысбай

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Арууке менен Күлчоро шаардагы мектепте окушат. Каникул сайын айылдагы чоң ата, чоң энесиникине барып турушат. Чоң атасы – багбан. Анын бакчасында алма, алмурут, гилас, алча, жаңгак өсүп, көргөн көздү кубантат.

Жазгы каникул убагында Арууке менен Күлчоро айылга келишти.

Чоң атасы бактарды бутап жүргөн экен.

– Чоң ата, биз сизге жардам берели деп келдик, – дешти балдар учурашып жатып.

– Оо, ананайындар! Ырас келген турбайсыңарбы! Жалгыз жетишпей жаттым эле.

– Сизде жок жаңы көчөттөрдү отургузганга жардам берели, – деди Күлчоро.

– Бакчамда ар түрдүү мөмө-жемиш бактары бар. Бирок карагат менен кызылгат азыраак, – деди чоң ата.

– Анда ошолорду отургузалы, – деди Арууке.

– Туура айтасыңар, балдарым, буга менин колум тийбей жүргөн эле. Карыган бактардын ордуна карагат менен кызылгат отургузалы. Карагатты күзүндө отургузса, түшүмдү жакшы берет. Жазында деле отургузса болот, – деди чоң ата.

– Карагат менен кызылгат витаминдерге бай, – деди Күлчоро.


– Карагатта С витамини көп. Андан сырткары, анда пайдалуу эфир майы, фосфор тузу жана темир менен калий көп болот. Бул витаминдер адамдын ден соолугуна абдан пайдалуу, – деди Арууке.


– Ал эми кызылгатта В витамини арбын. Бул витамин да өтө пайдалуу. Мен кызылгат отургузам, – деп Күлчоро дароо эле ишке киришкиси келди.

– Балдарым, силер карагат менен кызылгаттын пайдалуу касиеттерин кайдан билип алдыңар? – деп сурады чоң ата ыраазы боло.

– Биз Мекен таануу сабагынан үйрөндүк, – деп экөө тең жарыша жооп беришти.

– Эмесе, балдарым, көчөттөрдү отургузуу үчүн жер даярдайлы, – деди чоң ата.





Ал короонун ичинен жер айдаган кичи тракторун от алдырып айдап келди. Чоң ата жаңы көчөттөрдү отургузуу үчүн ылайыктап койгон жерин айдап баштады. Ал айдап бүтүп, сокону чечти. Эми маланы илди. Жерди абдан малалап болгон соң, трактордун артына тырмоону чиркеди. Айдалган жер тептегиз болуп тырмалып бүттү.

Балдар чоң атасынын жасап жаткан ишин кызыгуу менен карап турушту.

– Чоң ата, көчөт отургузган оңой эле деп жүрсөк, көрсө, көп жумуш жасалат турбайбы? – деди Күлчоро таң калганын жашырбай.

– Ооба, бекеринен элибизде “Жаз – жарыш, күз – күрөш” деп айтылбайт да. Мына, балдарым, жер да даяр болду. Эми базарга барып карагат менен кызылгаттын көчөттөрүн сатып келебиз, – деди чоң ата.



Алар көчөт базарга келип, элүү түп карагат, элүү түп кызылгат сатып алып келишти. Көчөттөр жаңыдан гана бүрдөп баштаган экен. Чоң ата көчөттөрдүн учтарын кесип баштады.


Муну көргөн балдар чурулдап жиберишти.

– Чоң ата, кесип салган көчөттөр жараксыз болуп калган жокпу? – деди алар жарыша.

Чоң ата болсо кыт-кыт күлдү.

– Силер коркпогула. Көчөттөрдүн учун кесип койсок, тамыры күчтүү болот. Ар жагынан бутактар өсүп чыгып, чоң түпкө айланат. Ал эми кесиндилерди калемче кылып отургузсак сонун болот, – деди.

– Ушул тамыры жок кесиндилер кантип өсмөк эле? – деп балдар таң калышты.



– Калемчелерди 45 градус жерге кыйшайтып отургузабыз. Анын үч-төрт бүчүрүн гана жердин үстүнө чыгарып коёбуз. Ал эми жер алдында калган үч-төрт бүчүрү тамыр байлайт. Ушинтип отургузганда калемчелерден да күчтүү көчөттөр пайда болот, – деди чоң ата.

Чоң ата, Күлчоро, Арууке – үчөө көчөттөрдү отургузуп чыгышты. Андан соң алар калемчелерди жантайтып тигишти. Балдар көчөттөр менен калемчелерди аябай кандыра сугарышты.

Күн жылып, жер көктөдү. Чоң атанын неберелери менен тиккен көчөттөрү бажырайып өстү. Калемчелер да кылтыйып, акырындан өйдө көтөрүлүп баштады.



Балдар жайкы каникул учурунда кайрадан айылга келишти. Алар көргөн көздөрүнө ишенишпеди. Тиккен көчөттөр аз-аздан мөмө байлап калган экен. Балдар көчөттөрдүн тегерегин жумшартып, отоп чыгышты. Жайды-жайлай маал-маалы менен сугарып турушту.

– Чоң ата, эмдиги жылы булар чоң түп болушат, ээ? – деп сурады Күлчоро.

– Албетте, эмки жылы бул көчөттөр жакшы түшүм берет, – деди чоң ата жайдары.

– Түшүм бергенде терип кетип, кыям жасасак болобу? – деп сурады Арууке.

– Өз колуңар менен отургузган мөмө өзгөчө даамдуу болот. Ушул карагат менен кызылгаттын баары силердики эмеспи, балдарым. Терип алып кеткиле, – деп чоң ата жылмайды.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Талгат Деркембаев
Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**